**«БЕКИТЕМИН»**

Ош мамлекеттик университетинин

илимий иштери боюнча проректору,

т.и.к., доцент Арапбаев Руслан

Нурмаматович

______________________

«__»__________2024-жыл

**Илимий-изилдөөлөрдү, илимий-техникалык иштерди, (же) илимий жана (же) илимий техникалык иштин натыйжаларын ишке ашыруу**

**АКТЫСЫ**

**1. Ишке ашыруунун автору:** Ойчуева Роза Ракманбердиевна.

**2. Илимий жана (же) илимий – техникалык иштин натыйжаларынын изилдөөнүн, илимий – техникалык иштердин аталышы:** «Колдонмо математика курсун кесипке багыттап окутуунун дидактикалык негиздери» деп аталып, болочок инженердик кесиптин студенттери үчүн "Колдонмо математика" курсун кесипке багыттап окутуунун мазмундук негизин жаңылоо жана аны окутуунун технологиясын өркүндөтүү, окуу процессине киргизүүгө сунуштоо.

**3. Илимий иштин кыскача аннотациясы:** кыргызстандын коомчулугундагы социалдык - экономикалык өзгөрүүлөр баалуулуктарды дагы кескин өзгөртүүдө. Анын арасында бул өзгөрүүлөр билим берүү системасынын максатына, багытына да өз таасирин тийгизип келүүдө. Жалпы билим берүү программаларын жаңыртуу, ачык коомдун жаңы шарттарында жашоо үчүн зарыл болгон жеке сапаттарды жана ошондой эле билим берүүдө негизинен "билимди, билгичтикти, көндүмдөрдү" калыптандыруу максатында андагы терең өзгөрүүнү талап кылууда. Бул үчүн болочок адистерде фундаменталдык жана профессионалдык, анын ичинде эң маанилүү компотенттин бири болгон – болочок инженердик багыттагы адистиктердин математикалык билим алуу компетентүүлүгүн өркүндөтүү талабы өзгөчө актуалдуу болуп тургандыгы негизделип олтурат. Колдонмо математика курсун инженердик кесипке багыттап окутуунун этаптары жана практикалык сунуштар иштелип чыгышы; болочок магистр-бакалавр инженерлерди даярдап жаткан факультеттердин окуу пландарындагы математика курсунун атайын дисциплиналар менен болгон предметтер

аралык байланыштарын камтыган окуу - изилдөөчүлүк тапшырмалар, методикалык колдонмолордун даярдалышы.

**4. Ишке ашыруунун эффектиси:** болочок бакалавр - инженерлер үчүн бул иштелмелер жана окутуунун инновациялык методдорун пайдалануу, болочок кесип ээлерине математиканы колдонуу - компетенттүүлүктү калыптандыруунун натыйжалуулугун ишке ашырууга жардам берет.

**5. Ишке ашыруунун орду жана убактысы:** 2021-2023-жылдар арасында Р.Р.Ойчуева "Информатика жана эсептөө техникасы" багытындагы информацияларды иштетүүнүн жана башкаруунун автоматташтырылган системалары - ИИБАС (АСОИУ) адистигинин студенттерине математиканы кесипке багыттап окутууда "Математикалык анализ" кафедрасынын доцентти ф.-м.и.к. Абдилазизова Акбермет Абдижалиловна менен биргеликте математика сабактарына кесипке багыттуу эксперименттерди жүргүзүп келди.

**6. Ишке ашыруунун формасы:** студенттерден анкеталарды, тесттерди алуу менен изилдөө темасына ылайык студенттердин теориялык билимдерин, практикалык мисалдарды чыгарууда жана өркүндөтүү менен математиканы кесипке багыттап окутуунун илимий-методикалык негиздери көрсөтүлдү.

| | |
|---|---|
| Комиссиянын төрагасы: | Кудуев А.А. |
| Комиссиянын мүчөлөрү: | Абдилазизова А.А. |
| | Замирбек кызы Н. |
| Катчысы: | Токтосун кызы М. |

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

Ош МУ
Тастыктаймын
2024 ж. «23» май
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы Турдубаева Г.